# ЭКОНОМИКА

***Айылчиева М.А., Төлөнов Э.Н.***

## Айылды көтөрүүдө – таза суу долбоорунун мааниси.

Баарыбызга белгилүү союз мезгилинде бардык мончо, мектеп, айылдагы таза суулар, клубдар жана башка социалдык объектилер өкмөт тарабынан каржыланган.

Союз урап, эгемендүүлүк алгандан кийин бардык объектилер сатылып, жеке менчикке берилип кетти. Каражаттын жоктугунан оъдолуп-түздөлбөй, жеке менчикке берилген ишканалар иштебей калды. Айылдарда социалдык көйгөйлөр көбөйүп кетти. Ар бир айыл өкмөттөрү социалдык проблемаларын өздөрү чечүүгө далалат кылып жатат. Азыркы мезгилде көп чет элдик каржылоочу уюмдар ушундай проблемаларды чечүүгө жардам берип жатышат. Мисалы: АРИС – президенттин алдындагы айыл инвестициялоо борбору.

АРИСтин кызматкерлери долбоорду турмушка ашыруу жөнүндө отчетту туруктуу квартал сайын учурда макулдашылган экологиялык жеъилдетүүчү чараларга жана экологиялык башкаруу боюнча планга ылайык статус жөнүндө отчет берет. Төп келбей калган учурда техэксперт төп келбей калган мүнөзүн, себебин изилдейт жана тийиштүү иш-чараларды көрөт. АРИС долбоордун демилгесинде долбоорду тийиштүү абалга келтирүү үчүн эмнелер зарыл экендиги жөнүндө маалымат берет. АРИС Дүйнөлүк Банкка микродолбоорлорду ишке ашыруу боюнча учурдагы отчетторду экологиялык башкаруу жана жумшартуучу иш чаралар боюнча пландардын мониторинги туура алуу маалыматты берип турат. Ушул каржылоочу уюмдар аркылуу лидерлер долбоор жазып, элдин көйгөйүн чечип жатышат. Буга мисал: Сузак районуна караштуу Барпы айыл округунда көптөгөн долбоорлор жазылды. Баары болуп 2009-жылга 35 проект өткөн. Мисалы: ФАПтарды куруу, спорт аянтчаларын куруу, суу жетпеген таштак жерлерге суу жеткирүү, мектептердин курчоолорун, дамбаларды куруу, жолду асфальт кылуу, мектептердин чатырларын жабуу, токой тилкелерин эгүү, дыйкандар үйүн куруу, ветеринардык аптекаларды куруу, малчарбасын өнүктүрүү үчүн шаймандарды сатып алуу ж.б. Эл иче турган «Таза суу» долбоорун жазышты. Ошолордун ичинен Барпы айыл округуна караштуу Төбөй айылындагы «Таза суу» долбоорун алып карап көрсөк. Бул проектинин лидери Абдуламитова Жибек 278902 сомго «Таза суу» долбоорун жазган. Айыл эли бул демилгени колдошту, себеби Барпы айыл округунда Төбөй айылында эл таза сууну көрбөгөнүнө 15 жылдын жүзү болгон эле. Жүз түтүн эл бул лидер аялды колдоо менен 22000 сом акчаны топтоп беришти, же болбосо 8%ын өздөрү көтөрүштү.

Бул долбоордун дагы бир артыкчылык жагы Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланууга боло турган микродолбоорлор критерийине кошулгандыгы, себеби, төмөнкү потенциалдык зыян же таасир этүү «С» категориясына кирет. Бул долбоордо жерди казып суу түтүкчөлөрүн орнотууда жер кыртышынын бузулуусуна аз өлчөмдө таасир этет. «С» категориясы – бул төмөнкү потенциалдуу таасир этүү.

Буга:

- Маркетинг жана коммерциялык кызматтары
- Кесиптик тейлөө кызматтары кол өнөрчүлүк жана ушундай чакан өндүрүш кирет.

Ал эми «А» категориясы – бул жогорку потенциалдуу таасир этүү болуп саналат. Бул категорияга:

- Масштабдуу кен иши жана пайдалуу кендерди кайра иштетүү
- Пестициддерди колдонуу (орточо көлөмдөн ири көлөмгө чейин)

Мындан сырткары Дүйнөлүк Банк тарабынан каржылоого болбой турган микродолбоорлор бар. Мисалы:

- Жарылуучу жана коркунучтуу заттарды сактоо.

Ал эми Дүйнөлүк Банктын саясатынын негиздөө принциптерине ылайык келбеген микродолбоорлорго төмөнкүлөр кирет:

- Тамеки заттарын өндүрүү
- Коргошундуу ак сырды өндүрүү
- Генетикалык организмдерди киргизүү
- Балыкчылыкта сүзүп жүрүүчү торду колдонуу
- Радиактивдүү материалдарды колдонуу менен ар кандай иш чараларды алып баруу ж.б.

Микродолбоордогу суу түтүкчөлөрүнүн жалпы узундук трассасы 1522 км-ди түзөт. Керектелүүчү материалдардын жалпы суммасы 80742 сомду түзгөн. Төмөндөгү таблицадан маалымат алабыз.

**Суу түтүкчөлөрүнө керектүү материалдар.**

| **К %** | **Полиэтилендик суу түтүкчөлөрүнүн аталышы** | **Саны п/м** | **Базар баасы, 1метр** | **Жалпы суммасы, сом** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | | | | |
| 1 | Суу түтүкчө Ф 75 | 82 | 120 | 9840 |
| 2 | Суу түтүкчө Ф 63 | - | 80 | |
| 3 | Суу түтүкчө Ф 50 | 200 | 65 | 13000 |
| 4 | Суу түтүкчө Ф 32 | 400 | 40 | 16000 |
| 5 | Суу түтүкчө Ф 25 | 840 | 28 | 24192 |
| | Жалпысы: | 1522 | | 63032 |
| **2** | **Тушаштыргыч муфта** | | | |
| 1 | Ф 75 | 4 | 350 | 1400 |
| 2 | Ф 63 | - | - | - |
| 3 | Ф 50 | 10 | 190 | 1900 |
| 4 | Ф 32 | 20 | 110 | 2200 |
| 5 | Ф 28 | 20 | 80 | 160 |
| **3** | **Муфта хомут** | | | |
| 1 | Ф 75 | 4 | 240 | 960 |
| 2 | Ф 63 | - | 180 | - |
| 3 | Ф 50 | 10 | 150 | 1500 |
| 4 | Ф 32 | 20 | 85 | 1700 |
| 5 | Ф 28 | 2 | 60 | 1200 |
| **4** | Тирегич (стояк) Ф 15 (Россияда даярдалган) | 15 | 350 | 5250 |
| | **Жалпысы** | | | **17710** |
| | **Баары** | | | **80742** |

**1.** Ал эми бул долбоордун андан аркы этабы узундугу 1522метр, тереъдиги 1 метрдик, ал эми кеъдиги 0,5 метрге жеткен траншеяларды суу түтүкчөлөрүн казуу менен улантылат,

же болбосо 1км х 1,0 х = 0,5$м^3$

1522 х 0,5 = 761$м^3$

Ар бир $м^3$ жерди казып кайра казылган топурак менен жабуу 100 сомду түзөт. 761 х 100 = 76000 сом болот.

**2.** Суу түтүкчөлөрүн тирегичтер жана туташтыргыч муфталар, хомуттар менен коюу орточо баа менен

1км х 10 сом, 1522 х 10 = 15220 сомду түзөт.

**3.** Суу түтүкчөлөрүнүн тирегичтеринин тегеректерин бетондоо.

1,0 х 1,0 х 0,1 = 0,1$м^3$ бул бир тирегичке

15 х 0,1 = 1,5$м^3$ бетон

Суу түтүкчөлөрүнүн орнотууга жана даярдалуучу бетондун баасы 8000 сомду түзөт.

1,5 х 8000 = 12000 сом

Баары 2 штук 76100 + 15220 + 12000 = 103320 сом

Баары 1 – 2 штук 80742 + 103320 = 184062 сом

Алдын ала көрө билинбеген чыгашалар 1% - 1840 сом

Электроэнергиясынын чыгымдалышы 45 кВт – 150 сом

Россиялык өндүрүштөгү май баасы – 93000 сом

Долбоордун жалпы суммасы – 27 8902 сомду түзөт.

Бул сөз кылынып жаткан бир гана микродолбоордун таржымалы.

Ушуга окшогон микродолбоорлорду түзүп жаткан лидер демилгечилерге мамлекет тарабынан бир кыйла жеъилдиктер жана камкордуктар көрүлсө, ошону менен бирге чет өлкөлөрдөн келген инвестициялар туура иштетилсе, Дүйнөлүк Банктын саясаты өз максатына жетээр эле.

***Адабияттар***


1. «Микродолбоордун курчап турган чөйрөгө тийгизген таасирине экологиялык баа берүү» методикалык колдонмосу, Бишкек, 2006ж.
2. Лидер демилгечинин өздүк материалдар жыйнагы.


* * *